# Класс жетекчинин кызматтык нускамасы

1. **Жалпы жоболор**

1.1 Класс жетекчи өз ишмердүүлүгүндө КРнын “Билим берүү жөнүндө” Мыйзамын, Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин Декларациясынын, Балдар укугу жөнүндө Конвенцияны, мектептин уставын жетекчиликке алат.

**1.2** Класс жетнекчи кызматына мектептин директору тарабынан дайындалат жана бошотулат. Өргүү мезгилинде жана убактылуу жумушка жарамсыздык мезгилинде класс жетекчинин милдеттери өзүнүн классы жок жана ошол класста иштеп жаткан мугалимге жүктөлүшү мүмкүн.

**1.3** Класс жетекчи педагогикалык билимге жана балдар менен иштөө боюнча 3 жылдан кем эмес стажга ээ болууга тийиш.

2. **Ишмердүүлүктүн негизги багыттары**

2.1 Класс жамаатынын ишмердүүлүгүн уюштуруу.

**2.2** Класс жамаатынын жана айрым окуучулардын окуу иштерин уюштуруу

**2.3** Класстын окуудан тышкаркы турмушун уюштуруу

**2.4** Мектеп окуучуларын тарбиялоодо алардын инсанын иликтөө жана ондоп түзөө

**2.5** Мектеп окуучуларын тарбиялоодо социалдык жактан коргоо

**2.6** Ата – энелер менен иштөө

3. **Кызматтык милдеттер**

3.1 Журналды жүргүзүү

**3.2** Окуучулардын өздүк делолорун жүргүзүү

**3.3** Класс жамаатын уюштуруу: тапшырмаларды бөлүштүрүү, актив менен иштөө, класстын окуучуларын мектептин кенешине багыттоо, нөөмөтчүлүк ишине көмөктөшүү.

**3.4** Класс боюнча, мектеп боюнча ашкана боюнча нөөмөттү уюштуруу

**3.5** Бекитилип берилген каанадагы санитардык – гигиеналык номаларды сактоо

**3.6** Тарбиялануучулардын тышкы көрүнүшүнө кам көрүү

**3.7** Акысыз тамактануу маселелери боюнча ата – энелерге жана ушундай балдарга классташтарынын болгон мамилеси тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү

**3.8** Класс муктаждыктарын каржы жактан колдоого кам көрүү

**3.9** Окуучулардын сабакка келүүсүн көзөмөлдөө (сабактарды себепсиз калтырган окуучуларды ата – энелер менен биргеликте көзөмөлдөйт тарбиялоого оор балдар боюнча социалдык педагог менен байланышат).

**3.10** Окуу үчүн жагымдуу кырдаал түзүү

**3.11** Класста иштеген мугалимдердин ишмердүүлүгүн координациялоо.

**3.12** Окуучулардын күндөлүктөрү менен иштөө алардын жетишүүсү боюнча ата – энелери менен байланышуу

**3.13** Таланттуу балдардын өнүгүүсүнө жаодамдашуу окуучулардын таанып – билүү кызыгууларын өнүктүрүү, ой өрүшүн кеңейтүү (ийримдерге, факультативдик сабактарга конкурстарга, викториналарга олимпиадаларга, кароолорго тартуу; экскурцияларды уюштуруу; театрга, көргөзмөлөргө алып баруу).

**3.14** Окуучулар менен иштөө үчүн психологду тартуу (аңгемелешүүлөр циклы, жекече сунуштамалар).

**3.15** Класста жагымдуу микроклиматты түзүү, инсан аралык мамилелерди жөнгө салуу.

**3.16** Айрым окуучуларды же бүтүндөй классты тартуу менен класста чыгармачылык иштерди уюштуруу.

**3.17** Ден соолукту сактоо боюнча иш чараларды ар бир окуучунун өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен уюштуруу.

**3.18** Балдар коомдук уюмдарына жардам берүү.

**3.19** Класстык сааттарды, жыйналыштарды, аңгемелешүүлөрдү, ачык сүйлөшүүлөрдү эсепке алуу менен уюштуруу.

**3.20** Колдо бар методикаларга, класста иштеген мугалимдердин жана ата – энелердин пикирлерине ылайык окуучулардын инсанын иликтөө.

**3.21** Окуучулардын мүнөздөмөлөрү менен иштөө.

**3.22** Окуучуларга кесип тандоого жардам берүү.

**3.23** Ата – эненин кароосуз калган балдардын (эгерде класста бар болсо) укугун коргоо.

**3.24** Социалдык жактан коргоосуз категориядагы балдарды эсепке алуу.